**«БЕКИТЕМИН»**

Жалал-Абад мамлекеттик

университетинин ректору, техника

илимдеринин доктору, профессор

**К.Ж.Усенов** ______________

«_12_» _апреля_ 2019-ж.

Маматова Кыйбаткан Бургобаевнанын "Көп тилде билим берүүнүн шартында жогорку окуу жайларында кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун методикасы" деген темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациялык ишине жетектөөчү мекеменин

**Р А С М И Й   П И К И Р И**

Диссертациялык иш Ж.Баласагын атындагы КУУнун филологиялык билим берүүнүн технологиялары кафедрасында аткарылган.

Илимий жетекчи – педагогика илимдеринин доктору, Ж.Баласагын атындагы КУУнун филологиялык билим берүүнүн технологиялары кафедрасынын профессору Чыманов Жеңишбек Арыпович.

1. **Изилдөөнүн актуалдуулугу.**

Эгемендүүлүккө ээ болуу менен кыргыз тилинин Кыргыз Республикасындагы коомдук-социалдык, маданий жана саясий жактан аткарган кызматы, мамлекеттик мааниге ээ болгон макамы эң жогорку деңгээлге жетти. Азыркы учурда кыргыз тили эне тили, экинчи тил жана чет тили катары окутулуп, кыргыз коомчулугунун бардык чөйрөлөрүндө колдонулуп, бардык мамиле-алакаларды, иш кагаздарын тейлеп келет.

Ааламдашуу доорунда Кыргызстандын ар бир жараны өз эне тилинде гана эркин сүйлөбөстөн орус жана англис тилдерин да үйрөнүүсү бүгүнкү күндүн талабы болуп калды. Ошондуктан «Кыргыз Республикасында көп маданияттуу жана көп тилдүү билим берүү концепциясы» (2009) иштелип

чыгып, көп тилде билим берүүнү турмушка ашыруу боюнча иш-аракеттер жаңыдан колго алына баштады.

Кыргызстанда жалпы билим берүүчү мекемелерден тартып, жогорку окуу жайларына чейин билим берүүдө көп тилде окутуу практикасы кеңири колдонула баштагандыгына карабастан, бул проблема теориялык жана практикалык жактан иликтөөгө алынбай, көптөгөн көйгөйлөр пайда болууда. Бул иштин темасынын актуалдуулугу көп тилде билим берүүнүн методикалык маселелери алгачкы жолу каралып жаткандыгы менен түшүндүрүлөт.

**2. Изилдөөнүн илимий жоболорунун, жыйынтыктарынын жана сунуштардын негизделиш даражасы**

Диссертацияда иштелип чыккан илимий жоболор, жалпы жыйынтыктар жана практикалык сунуштар педагогикалык, методикалык изилдөөлөрдүн методологиясына, анын талаптарына ылайык негизделген. Мында изилдөөнүн педагогикалык эксперименттик иштердин жыйынтыктары да кеңири пайдаланылган. Изденүүчү Кыргыз Республикасында көп маданияттуу жана көп тилдүү билим берүү концепциясын ар тараптан терең талдоо менен, аларды жалпылаштыруу аркылуу алынган жыйынтыктарын педагогика илиминин, кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун методикасынын соңку жетишкендиктери менен айкалыштыруу менен жоболорду, жыйынтыктарды жана сунуштарды иштеп чыккан. Изилдөөнүн максаты менен милдеттерин так аныктап, аларды логикалык ырааттуулукта, илимий-педагогикалык эмгектерди пайдалануу, жеке ой-сунуштарын билдирүү менен коргоого коюлуучу жоболорду, жыйынтыктарды жана практикалык сунуштарды жетиштүү даражада негиздөөгө жетишкен.

**3. Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык мааниси**

Көп тилде билим берүү шартында кыргыз тилин экинчи тил катары жогорку окуу жайларында окутуунун методикасынын алгачкы жолу теориялык жана практикалык жактан иштелип чыгышы, окутуунун дидактикалык принциптеринин, ык-жолдорунун, формаларынын азыркы талаптарга шайкеш иштелип чыгышы иштин илимий жаңылыгы болуп саналат.

Көп тилде билим берүүнүн жалпы теориялык маселелеринин аныкталышы, бул шартта кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун теориялык-методологиялык маселелеринин чечилиши иштин теориялык маанисин тастыктап турат.

**4. Изилдөнүн практикалык баалуулугу**

Изилдөөдөн алынган илимий-методикалык жоболор, чыгарылган жыйынтыктар жана практикалык сунуштар көп тилде билим берүү шартында кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун практикалык маселелерин чечүүгө кызмат кыла алат. Атап айтсак, окуу планын иштеп чыгууга, типтүү программасын түзүүгө, окуу китептери менен окуу куралдарын жазууга даяр практикалык материалдарды берет. Сабак процессин жүргүзүүнү натыйжалуу жүргүзүүгө ийкемдүү маалыматтарды берет.

**5. Изденүүчүнүн жеке салымы**

Изденүүчү кыргыз, орус жана англис тилдерин мыкты билгендиктен, иштеги теориялык, практикалык маселелерди, педагогикалык эксперименттерди өзү жүргүзүп, корутунду-сунуштарды жекече чыгара алгандыгы менен бааланат.

**6. Авторефераттын диссертациянын мазмуну менен дал келиши**

Диссертация киришүүдөн, үч глава, корутундудан жана практикалык сунуштардан турат. Изилдөөдө 178 аталыштагы эмгектер пайдаланылган. Авторефераттын көлөмү резюмелерди кошпогондо белгиленген талаптан

ашкан эмес. Автореферат диссертациянын мазмунун толук чагылдырган. Изилдөөнүн милдеттеринин чечилиши главалар боюнча так көрсөтүлгөн.

Жалпысынан изилдөө ийгиликтүү иштелген, өз алдынча аткарылган, толук бүткөрүлгөн иш катары оң баага татыктуу. Аталган ийгиликтер менен кошо айрым мүчүлүштүктөр да байкалды, алар:

Биринчи, айрым теориялык маселелерге, атап айтсак, окутуунун дидактикалык принциптерине көбүрөөк орун берилген.

Экинчи, кыргыз тилин англис тили менен салыштырып окутуунун практикалык-колдонмолук маанисин тереңдетип ачып берүү керектей.

Үчүнчү, стилистикалык, орфографиялык жана пунктуациялык айрым мүчүлүштүктөргө жол берилген.

Бирок белгиленген мындай мүчүлүштүктөр принципиалдуу мүнөзгө ээ эмес, алар изилдөөнүн жалпы деңгээлине таасир этпейт.

Маматова Кыйбаткан Бургобаевнанын "Көп тилде билим берүүнүн шартында жогорку окуу жайларында кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун методикасы" деген темадагы диссертациялык изилдөөсү Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндөгү» Жобосунун 10-пунктунун талаптарына толук жооп берет. Ал эми изденүүчү Маматова Кыйбаткан Бургобаевна 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептейбиз.

Пикир Жалал-Абад мамлекеттик университетинин педагогика жана психология, башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы кафедраларынын кеңейтилген жыйынынын отурумунда 2019-жылдын 10-апрелинде (№18-протокол) талкууланып бекитилди.

**Катышкандар:**

1.Сакиева С.С.–педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.02);

2.Токтогулов С.Т.–педагогика илимдеринин доктору, проф.м.а. (13.00.01);
3.Ураимов К.М. –педагогика илимдеринин кандидаты доц.м.а.(13.00.02);
4.Найманбаев М.Ж.–педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);
5.Рыскулова Г.У.– педагогика илимдеринин кандидаты, доц.м.а.(13.00.01);
6.Тажибаева Ж.К.– педагогика илимдеринин кандидаты доц.м.а.(13.00.02);
7.Ажыкулов С.М.– педагогика илимдеринин кандидаты, доц.м.а.(13.00.01);
8.Халдарова Ы.А. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);
9.Эшиев Ж.М.– педагогика илимдеринин кандидаты доцент (13.00.02);
10.Ажыбаева З.А.–филология илимдеринин кандидаты, доцент (10.00.01)

Отурумдун төрагасы, педагогика
илимдеринин доктору, профессор С.С.Сакиева

*Педагогика илимдеринин доктору, профессор С.С.Сакиеванын колун тастыктайм.*

*Жалал-Абад мамлекеттик университетинин окумуштуу катчысы,*
*педагогика илимдеринин кандидаты* *Р.С. Нусупова*

Дата поступления
отзыва в ДС Д13.18.580
15.04.2019 г
Уч. секр. ДС Осмурбаева Д.К.